УДК 37:373: 378

Алиева Д.Ш., Сагимбекова Д.С.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

**БҮГҮНКҮ БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНДАГЫ ОРЧУНДУУ МАСЕЛЕЛЕР.**

*Макалада азыркы мезгилде билим берүү системасында учураган айрым көйгөйлүү маселелерди талдап, аларга авторлор кыскача токтолушту.*

Албетте, бүгүнкү күндө билим берүү тармагынын абалы, көйгөйлүү маселелери жөнүндө кеп кылсак, айтылуучу сөз арбын. Маселенин баары бири-бири менен чиеленишкен.

Мектептерде көптөгөн талаптарды аткарып, балдарга билим берип, өзү дагы тынымсыз жаңы нерселерди үйрөнүп, үй турмушун да элден калбай күтүүгө аракеттенип жандалбастап жүргөн, балдарды чын жүрөгүнөн сүйгөн мугалимдерибизге дайыма жүрөгүбүздөн ыраазы болобуз, рахмат айтабыз. Бирок алардын түйшүгүн жеңилдетээрге келгенде, аларга кылынган аракеттер чеке жылытаарлык эмес. Мугалимдин түйшүгүн жеңилдетүү десе эле айлыгын көбөйтүү деп түшүнүп, анда-санда айлыгына болоор - болбос үстөк кошуп коюу менен чектелет. Негизи, мугалим чыгармачылык менен иштеши үчүн аларды окуу методикалык жактан камсыздоо, социалдык жактан коргоого алуу, аларга иштөө шарттарын түзүп берүү сыяктуу иштер комплекстүү түрдө жүргүзүлүшү керек. Биз чындап эле келечекти ойлосок, бүгүнкү күндүн сабактарынан жыйынтык чыгарып, тиешелүү чечимдерди убактысында кабыл алуу зарыл. Антпесе 20 жылдан кийин азыркы учурда миңдеп саналган мугалимдердин катары канча эсеге кыскарып кетиши зарыл XX кылымдын атактуу философ-педагогу Эрик Фром мындай деп жазат: «Эгер жаңы турмушту куруу процессинде жаңы адам калыптанса гана, башкача айтканда, азыркы адамдын мүнөзүнүн, рухунун структурасында фундаменталдуу өзгөрүүлөр болуп өтсө гана, жаңы коом курулушу мүмкүн». Демек, бүгүнкү болуп жаткан татаал шартта мектеп мугалимдерине жана жогорку окуу жайларынын профессорлук - окутуучулук жамаатына чоң ишеним жана жооптуу милдеттер жүктөлүп жатканын айта кетүүгө туура келет. Анткени жаңы рух, жаңы пейил, адептүүлүк жактан тазалык, жаңы билим жана жалпы эле адам затына улуттук нуктагы эң керектүү жакшы сапаттарды калыптандыруу иши, ириде, үй-бүлө менен мектептен башталат эмеспи. Муну дүйнөлүк улуу педагог Ян Амос Каменскийдин сөзү менен айтсак, «Күн астында мугалимден башка кесип жок». Демек, бардык кесиптер боюнча жаңы инсандарды тарбиялоодо башкы милдет мугалимдерге тийиштүү [1,2].

Албетте, бүгүнкү студент – эртеңки мугалим. Мугалимдик кесип - адамдарды таанып билүүнүн илими. Башкача айтканда, мугалим – ойчул адамдардын көз караштарын түзүүчү, адамдарга таалим-тарбия жана турмуштук туура багыт берүүчү коомдук ишмер, педагогикалык өтө тар мааниде айтсак, окутуу–тарбиялоо иштерин жүргүзүүчү ишкер адис. Ал эми окутуучулар болсо бүгүнкү студенттерден эртеңки коомдук жаңы идеяларды табуучуларды, бардык жагынан гармониялуу өнүккөн, билимдүү, турмушка даяр жаңы адамдарды даярдап чыгаруучулар болуп саналат.

Кийинки мезгилдерде коомдук жашоо-турмушубузда олуттуу өзгөрүүлөр болуп жатат. Өзгөчө, жаштардын илим билимге ээ болушуна, ар тараптуу аракеттер жаралышына, ар кандай кесиптер боюнча туура багыт алышына өз убагында көрүлүп жаткан камкордуктар коңүлгө толоорлук. Демек, «аракеттен ийгилик жаралат» дегендей, билим берүү системасында окуу-тарбия процессинин сапатын өркүндөтүүгө тоскоол болгон бардык элементтерди четтетүү менен, окуучулардын ар тараптуу терең жана сапаттуу билим алышына кеңири шарт түзүүчү механизмди ишке киргизүүгө бардык тараптан аракет жасашыбыз керек. Коомубуз тарабынан иштелип чыгып, бүткүл элдин колдоосуна ээ болгон маалымдуулук, демократиялуулук, чындыкты бетке айтуу, сөз

менен иштин биримдиги, бюрократия, кайдыгерлик, формализм, сыяктуу терс көрүнүштөрдү сүрүп чыгарууда.

Бүгүнкү күндө мугалим, окутуучу, чыгармачылык жана жаңылануу деген сөздөр жалпы эле окуу-тарбия процессинин ачкычы болуп калгандай. Анткени, мейли мектептерде болсун же жогорку окуу жайларында болсун, билим берүүнүн сапатуулугу, тереңдиги ошол эле мугалим менен окутуучулардын чыгармачылык иш-аракеттерине жана усулдук жактан жаңылануусуна байланыштуу болот. Демек, билим берүү системасы боюнча кандай гана концепциялар кабыл алынбасын, кандай гана окуу программалары менен иш алып барышпасын, баары бир алардын чыгармачыл иш - аракетисиз, ак дил жүрөгүсүз окутуунун сапатын өркүндөтүү мүмкүн эмес. Андыктан, биздин оюбузча, чыгармачыл инсандардын илимий изденүү иш-аракеттерин өнүктүрүүчү жана аны жөнгө салуучу механизмди ишке киргизүү зарыл. Экинчиден, жалпы эле мугалимдердин, окутуучулардын социалдык абалын жакшыртуу керек. Үчүнчүдөн, мугалим - окутуучу деген ыйык атты кастарлап, педагогикалык ишине жан дили менен берилген чыныгы таланттуу коомдук инсандарды даярдап чыгаруу бүгүнкү күндүн талабына туура келет [4].

Орус элинин көрүнүктүү педагогу В.А.Сухомлинский жалпы эле окутуу процессине карай: «Сабак аркылуу берилип жаткан билимди мен үрөн деп эсептейм, андан ой пикирдин кубатуу бүчүрү өсүп чыгат да, мол түшүм таанып- билүүнү, эңсөөнү, рухий жактан бай болушуна умтулууну берет. Эгерде бул түшүм болбосо, анда билим алуучу билимди жаттап үйрөнүүчү элпек механизмге айланып калат. Билим алуучунун айтымына караганда, алда канча көп билүүнү каалоо билим алуучуну билим алууга негизги түрткү болгондо гана окутуучу билимдин шамын жаккыч болуп саналат» - деп, билим алуучуларга терең сапаттуу билим берүүдө өтүлүүчү программалык материалдарды бир жактуу карабай, анын негизги маңызын ар тараптан ачып, окутуудагы системалуулукту жана окуу материалдарын өздөштүрүүдөгү ырааттуулукту туура пайдаланууну сунуш кылган [3].

Азыркы жаңы концепциянын негизги максаты - жаңыча изденүү, окуучуларга студенттерге сапаттуу билим берүүнүн жаңы формаларын жана жаңы ыкмаларын издеп табуу. Бүгүнкү окуучу - эртеңки студент, келечектеги автоматташтырылган ишкананын ээси. Албетте, алардын кээ бирлери эртең жаш муундарга таалим-тарбия беришсе, дагы бирлери айыл чарба комплекстеринде, ошондой эле коомубуздун ар кандай тармактарында ишке тартылууга тийиш. Демек, ар бир мугалимдин, окуучунун педагогикалык устаттыгы жаштардын максималдуу турмуш жолуна даярдоого жана ар кандай терс көрүнүштөргө келишпестик менен мамиле жасоого багытталышы маанилүү. Элибизде: «Билим менен куралданбаган адам бийиктикке жетпейт», «Билимдүүгө дүйнө жарык» деген сыяктуу бир топ маани-маңызы терең накыл сөздөр бар. Чындыгында, азыркы учурдун талабына ылайык билим берүү системасын биринчи орунга коюп, мына ошонун тегерегинде сөз кылып, анын келечеги тууралуу сөз козгоп жүрөк түйшөлткөн көйгөйлөрдү ортого салыш бүгүнкү күндүн талабы. Ушул жерде «Билим берүү кайсыл жерден башталат?» деген суроо туулат. Биз көбүнчө билим берүүдө мектеп менен жогорку окуу жайларын түшүнөбүз. А бирок билим берүү тарбия процесстерин үй-бүлөдөн, бала бакчадан баштообуз зарыл. Ал эми аны өркүндөтүү ошол мектеп менен жогорку окуу жайларынын милдеттерине кирет. Туура, бардык нерсени бири-бирине айкалышта, байланышта кароо абзел, ансыз адилет пикир айтуу оор. Демек, билим берүү жана тарбиялоо бала туулганга чейин үй-бүлөдөн башталып, кийин бала бакча, мектеп, анан жогорку окуу жайында өзгөчө назар салынган таризде өркүндөтүлүшү зарыл [5]. Биз азыркыга салыштырып, советтик доорду эске салсак, билим берүү системасынын бир топ жакшы жетишкендиктерин, ийгиликтерин көрө алабыз.

Мунун себептерин ар тараптан изилдөөгө болот. Биринчиден, үй-бүлөдөгү тарбия,

ата-эненин, балдардын, жалпы эле коомдо жашаган адамдардын ыймандуулугу, таалим-тарбиясы жогорку дегээлде болгон, башкача айтканда, элдик педагогика өз жемишин берген. Экинчиден, жогоруда айтылгандай, советтик доордун тушунда бала-бакчалардагы тарбиячылардын, орто мектептердеги мугалимдердин, жогорку окуу жайлардагы окутуучулардын да билим деңгээлдери жетишерлик болгон. Ооба, ушундай көрүнүштөр болгону чындык жана жашыруун сыр эмес.

Ал эми ушул жерде «Бүгүнкү күндөгү үй–бүлө, бала бакчалар, орто мектептер жана жогорку окуу жайлары кандай абалда?» деген суроо туулбай койбойт. Үй-бүлөдөгү балдардын тарбиясы жакшы болуш үчүн, биринчиден, ата-энелер өздөрү тарбиячы болуусу шарт. Анткени бала төрөлгөндөн баштап таалим-тарбияга дүйнө таанууга муктаж. Тарбиянын башаты үй-бүлө деп айтууга толук негиз бар. Андан кийинки тарбия, билим берүү баланы орто мектепте «А» тамгасын тааныткан мугалимдердин өздөрүнүн билим деңгээлинен жана жүрүм турумдарынан көз каранды. Албетте, өткөөл мезгилдеги мектеп мугалимдеринин, жогорку окуу жайлардын окутуучуларынын баарынын билим деңгээли төмөн деп айтуудан алыспыз. Бүгүнкү күндө алдыңкы тажрыйбалуу, билим деңгээли жогору агай-эжейлерибиз турмуш тиричиликтин айынан, айлык акынын аздыгынан, башкача айтканда, экономикалык тартыштыктан улам, үй-бүлөсүн багуу үчүн өз кесибин алмаштырууга аргасыз болгондор да жок эмес. Бул учурда кейиштүү маселе болгону менен качандыр бир учурда көйгөй катары да болбой калышы мүмкүн. Ошондуктан бул аз эле мөөнөттө бүтчү иш эмес экенин эстен чыгарбашыбыз керек.

Айта кетсек, жогорку окуу жайларынын студенттеринин билим деңгээли да бүгүнкү күндө толук канааттандыраарлык эмес. Анткени XXI кылымда, илим-билимдин, жаңы маалымат технологияларынын, компьютерлештирүүнүн кылымында жашап жатканыбызда окутуунун, билим алуунун, ой жүгүртүүнүн жаңыча усулдарын көбүрөөк колдонуубуз абзел. Ошондуктан бүгүнкү күндөгү мектептен баштап жогорку окуу жайларга чейинки билим берүү системасына өзгөртүүлөрдү киргизиш керек. Андай өзгөртүүлөр өнүгүүгө өбөлгө түзүп, жаркын келечектин эшигин кенен ачууга, түрткү болушу абзел.

Азыркы жаңы концепциянын негизги максаты - жаңыча изденүү, окуучуларга, студенттерге сапаттуу билим берүүнүн жаңы формаларын жана жаңы ыкмаларын издеп табуу болуп саналат. Бүгүнкү окуучу – эртеңки студент, келечектеги автоматташтырылган ишкананын ээси. Албетте, алардын кээ бирлери эртең жаш муундарга таалим–тарбия беришсе, дагы бирлери айыл чарба комплекстеринде, ошондой эле коомубуздун ар кандай тармактарында ишке тартылууга тийиш. Демек, ар бир мугалимдин, окутуучунун педагогикалык устаттыгы жаштарды максималдуу, турмуш жолуна даярдоого жана ар кандай терс көрүнүштөргө келишпестик менен мамиле жасоого багытталышы маанилүү.

Бүгүнкү күнү жалпы эле адамзаттын, коомчулуктун мектепке чоң үмүт менен көңүл буруп жатканы жалпыбызга маалым. Андыктан жаңы адамдын уюткулуу негизи түзүлүп, түптөлүп жаткан ыйык мектепке жана андагы мугалимдерге эң зарыл шарттарды түзүү – учурдун талабы.

Билим берүү жана илим министрлигинин маалыматы боюнча, билим берүү системасынын негизги бөлүгүн айылдык жалпы билим берүүчү мектептер түзөт. Бирок ал мектептердин бүгүнкү күндөгү абалы кандай? Ал мектептердин окуу–материалдык базасы бүгүнкү күндүн талабына жооп бере алабы? Бүгүнкү күндүн талабына ылайык жаңы окуу китептери жана жаңы окуу–усулдук материалдар менен камсыз кылынганбы? Республикалык, анын ичинен областтык, райондук жана шаардык билим берүү башкармалыктарында бул проблемалар кандай? Кадрлар маселеси бүгүнкү күндүн талабына жооп бере алабы? Мектеп мугалимдеринин социалдык абалы жана билим деңгээли канааттандырарлыкпы?

Албетте, бул проблемалар ар бир адамды терең ойго салат. Негизги максат жаштарга

ар тараптан билим берүү жана келечектеги жаңы кадрларды даярдап чыгарууда турат. Бирок биз, урматтуу мугалимдер, бул маселелерди турмушка ашырууга өзүбүз даяр болушубуз керек. Эгер коюлуп жаткан маселени толук турмушка ашырууга бел байлап киришкен болсок, анда алар өздөрү «Эмгек бар жерде жылыш бар, жылыш бар жерде ырыс бар» дегендей, жаңыча изденүү жолуна өтүш керек.

Педагогика илими боюнча айрым теоретиктердин айткандарына көңүл бурсак: «Профессионалдык устаттыкты жогорулатсак эле окутуу–тарбиялоо ишинин сапаты жогорулайт», - дешет. Бирок бул турмуштук практикада толук өз ордун таба албай жатканына күбө болуп жүрөбүз. Ошондуктан окуу тарбия иштеринин сапатын арттыруунун бирден–бир жолу мугалимдин колунда жана анын тынымсыз изденүүсүндө, чыгармачыл аракетинде болоору чындыкка жакындайт. Сабакта эң жөнөкөй эле салттуу ыкмаларды туура пайдалануу аркылуу окуучулардын ички дүйнөсүнө терең кирүү менен класстагы бардык окуучулардын эң жакын, сүйүктүү устаты, бардыгынын кубанычы болуп, мугалимдик ишин жогорку деңгээлде, сапаттуу аткарып келаткан мугалимдерди ар бир эле мектептен көрүүгө болот.

Дагы бир айта кетүүчү маанилүү нерсе, турмуштук далилге таянсак, чыныгы мугалим эмгек акысынын көп же аз экендигине карабайт. Алардын дилинде элге ак кызмат кылуу керек деген аруу тилек жашайт. Турмуштан алган тажрыйбасы аркылуу мектеп окуучуларынын таза дилиндеги кабыл алуу сезимине сапаттуу билимдин үрөнүн себүүгө аракеттенишет.

Албетте, мектеп окуучуларынын рухий дүйнөсүнө ар тараптуу таасир этүүчү башкы күч - биринчи кезекте, мугалимдин адилет сөзү, гумандуу мамилеси, тунук сезими жана тынымсыз изденүү жолундагы чыгармачылык дарамети. Демек, мугалимдин негизги максаты келечектеги жаңы инсанды тарбиялап чыгаруу болуп саналат.

Психология илими боюнча темпераменттин өзгөчөлүктөрүнө таянсак, айрым окуучулар өтүлүп жаткан жаңы материалды оңой сезишип, тез кабыл алышат, ал эми кээ бир окуучулар жай кабыл алышат. Демек, окуучулардын кабыл алуу сезимдериндеги дал келбестиктен пайда болуу өзгөчөлүктөрүн жөнгө салуу, баарынан мурда, мугалимдин гана изденүү ишиндеги чыгармачылык дараметине байланыштуу болот. Жаңы өтүлүүчү тема боюнча окуучуларды элестетүүдөн түшүнүк жаратууга машыктырууну бирдей деңгээлге жеткирүү мугалимдин чыгармачылыгындагы башкы максат болууга тийиш. Анткени мугалимдин күндөлүк чыгармачылык иш аракети окуучулардын чыгармачылык демилгесин өнүктүрөт. Демек, мектептерде чыгармачыл аракет менен иштеп жатышкан мугалимдердин жаңыча ой жоромолдорун педагогикалык илимий булакка топтоштуруп, андагы эң маанилүү педагогикалык идеяларды мектеп тажрыйбасына жайылтуу механизмин ишке киргизүү проблемасы бүгүнкү күндө бышып жетилгендей.

Жыйынтыктоо иретинде, мугалимдик кесип деңиздей терең билимди, анан да тынымсыз изденүүнү талап кылаары анык, бирок ар качан изденүү үстүндө болууга шарттардын толук эместиги кейишке салат. Анткен менен, «Алма быш, оозума түш» деп жата берген да болбойт. Кантсе да, биз, мугалимдер жамааты, баланын тагдыры, келечек муундун жаркын жашоосу үчүн мектеп босогосун аттап, балдардын үмүттөрүнө гүл өндүрүшүбүз зарыл.

**Адабияттар:**

1. Алиева Д.Ш Келечектеги мугалимди педагогикалык чыгармачылыкка даярдоо // Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. -Бишкек, 2008.
2. Батурина Г.И., Кузина Т.Ф Введение в педагогическую профессию. –М., 1989.
3. Коменский Я.А. Избр. пед. соч. – Т.2 – М., 1990 – 389 с.
4. Макаренко А.С. О книге для родителей // Пед.соч.в 8 т.
5. Эл аралык симпозиумдун тезистери, - Б., 2007.